**Ош мамлекеттик университетинин**

**Эл аралык билим беруу программалары колледжинин**

**Коомдук дисциплиналар болумунун «Котормо иши (кытай тили)» адистигинин**

**Негизги кесиптик билим беруу программасын талкулоо боюнча уштурулган Тегерек столдун**

**№2-протоколу**

**12.02.2022-ж.** **Ош шаары**

**1. Төрайым - Таштанова Ж.А., Коомдук дисциплиналар бөлүмүнүн башчысы.**
**2. Катчы - Аманбек кызы Нурпейил**
**3. Катышуучулар (катоо баракча жана программа тиркелет)**

**Кун тартиби:**

1. «Котормо иши (кытай тили)» орто кесиптик билим беруу адистигинин негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттары жана окутуунун натыйжалары менен тааныштыруу. ("Кытай тили" ПЦКнын төрайымы Жакыпова Г.А.)

2. Практика учурундагы студенттердин күчтүү жана алсыз жактарын кытай компанияларындагы иш беруучулордун, практика отогон жерлердин менеджерлеринин жана окуу борборлордон келген адистердин ой-пикирин угуу, пикир алмашуу. (Өнөктөштөр).

3. Колледждин окуу материалдык-техникалык базасы, окуу процессинин жүрүшү жана студенттердин маданий жашоосу менен тааныштыруу (слад-шоу, презентация).

Тегерек столду Коомдук дисциплиналар бөлүмүнүн башчысы ачып берип, сөздү Эл аралык билим берүү программалары колледжинин директору, филол.и.к., доцент А.К.Зулпукаровага , ОшМунун өндүштүрүк практика боюнча жетекчиси, п.и.к., доцент Т.К.Матикеевге сөз берди.

***А.К.Зулпукарова, Т.К.Матикеев*** катышуучулар менен саламдашып, өнөктөштөр, иш берүүчүлөр студенттердин өндүрүштүк практикаларын өтүүгө ыңгайлуу шаттарды түзүп, алардын теориялык билимдерин ишке ашырууда чөн салып кошуп жаткандагы үчүн ыраазычылык билдирип, иш-чара ийгилктүү жана натыйжалуу өтүшүнө тилектеш экендерин билдиришти.

Ж.А.Таштанова өзүнүн сөзүндө практика учурунда студенттер ар кандай кытай компанияларына, ОшТУ жана ОГПУ окуу жайларына 2016-жылдан баштап, окуу-таанышуу жана өндүрүштүк практикаларды өтүп, иш беруучулордун колдоосун зарылчылдыгы жана кыргыз-кытай алакаларынын жылдан жылга өркүндөп-өсүп жаткандыгы кубантпай койбойт деп, баса белгилеп кетти.

***Сөзгө чыкты:***

1. Эл аралык билим берүү программалары колледжинин директору, доцент А.К.Зулпукарова: "Колледж ачылгандыгына аз убакыт болгонун жана коллективтин негизги болугун жаш окутуучулар тузгонун айта кетти. Тегерек столдун келген конокторуна рахмат айтып, алардын мындан ары да колдоо корсотуусун суранып отту.

2. ОшМУнун практикалар боюнча жооптуу Матикеев Т.А. – Азыркы учурда ишке орноштуруу маселеси ото актуалдуу экенин, иш беруучулордун колдоосу менен гана максатты ишке ашырса болоорун, практика учурунда студенттер кандай билим менен барып атат, эмнени практикада уйронуп атышат, кандай кемчиликтер болуп атат иш беруучулордон ой-пикирин угууга даяр экенин айтып отту.

1-**маселе. Угулду:** Негизги кесиптик билим беруу программасынын максаттары, окутуунун натыйжалары жана калыптануучу компетенциялар жонундо цикл башчысы **Г.А.Жакыпова** биллдирүү жасап, презентация аркылуу тааныштырды

Scanned with CamScanner

*Созго чыкты:* ОшМУнун практикалар боюнча жооптуу Т.АМатикеев . окуу программасынын, тузулгон окуу натыйжаларынын кучтуу жана алсыз жактары жонундо циклдин мугалимдерине суроо узатты.

*Жооп:* «Кытай тили» циклынын окутуучусу М.Дж.Султанбаева биринчи маселе боюнча окутуунун натыйжаларынын дагы деле бекиле электигин, социалдык-инсандык комптенциялардын КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген “Котормо иши” адистилигинин Мамлекеттик билим берүү стандартында көрсөтүлбөгөндүгү, кесиптик компетенциялардын азайып кеткендигин жана жалпы билим беруу компетенцилары менен тен салмактык жок экендиги жөнүндө баса белгилеп, - бул түзүлгөн окуу натыйжаларынын алсыз жактары экенин белгилеп, жооп берди. Ошондой эле, окуу планы студенттердин орто кесипитк били берүү программасынын “Кытай тили” адистигинин бутүүрүүчүлөру Кыргыз-кытай факультетинде бакалаврга тапшырууга ылайыкташтырылганын, кошумчалады.

Эр аралык мамилелер факультетинин деканы С.С.Ибраимова: Окутуунун натыйжаларына ондоо киргизуу зарылчылдыгын айтып, калыптанчу компетенцияларды тузуудо бир гана кытай тили боюнча эмес, жалпы тарбиялык компетенцияларды да кошууну, ошондой эле колледждин бутуруучусу кандай болуш керек, бутуруучунун моделин тузуп чыгууну сунуштады.

2-**масле. Угулду:** ОшМУнун практикалар боюнча жооптуу Матикеев Т.А.: Кун тартибиндеги экинчи маселе боюнча студенттер практикада кандай даярдык менен барып атат, эмнеден кыйналышат жана эмнени уйронуп келишуудо”, - деп иш беруучулоорго суроо узатты. Ошондой эле алардын айтылган кеп-кенеши кийинки жылы окуу программасын тузуудо эске алынып, озгортуу киргизилишин айтып. отту.

***Созго чыкты:***

1. «Вавилон» окуу борборунун директору Т.Назарова: 3-курстун студенттери кобунчо аларда практика отогондугун жана алар грамматика жактан кучтуу, кытай тилинин теориялык грамматикасын жакшы билишет, бирок оозеки кытай тили жакшы эместигин айтты.
2. «Дон Фан Мейсы» кытай ресторанын ээси Ван Чунь Ян: Практикага чыккан студенттер кытай жарандары менен маек жургузо алышпайт, оозеки эмес иероглиф жазганда да кыйналарын, кытай тилин жакшы билген котормочулардын ото аздыгын белгилей кетти. Бир гана кытай тилин эмес, кытай тилин билген программисттердин азыркы учурда ото керектигин кошумчалады.
3. ОсОО «Шахта-Алмалык» директору Гао Гуо Тао – Студенттер ото официалдуу терминдерди билет, бирок ишке орношкондо кытай ишкерлери жонокой тилди колдонсо, копчулугу жакшы тушунбойт, анткени алар китеп менен гана чектелип, оозеки кытай тилине программада коп конул болунбогонун байкаганын айтты.
4. Эр аралык мамилелер факультетинин деканы С.С.Ибраимова: Конфуций институтунан волонтер мугалимдер аларга келип сабак отуп аткандыгын жана ЭБПКне волонтерлор жонотулобу жана алар кайсы дисциплиналардан сабак берет деп суроо узатты. Ошондой эле алдыда айтылган созду улай, бир гана кытай тилин эмес, кытай тилин билген башка багыттагы – бухгалтер, программист жана медицина тармагындагы адистерди даярдоо сунушун киргизди.
5. «Лидер НК» окуу борборунун директору Кожоева Н. – Азыркы учурда кытай тили озунун актуалдуулугун жоготпогондугун, бир гана Кыргызстанда эмес, Дубайда да кытай тилин билген адистерге суроо-талап коп экендигин, Конфуций институтунун бутуруучулору ар кандай компанияларда жана бала бакчаларда, репетитор катары иштеп жаткандыгын айтып кетти.
6. «PERSPECTIVE» окуу борборунун окутуучусу Токтосунов И. – Кочкор –Атада коп кытай кытай компанияларда айлык акы жогору, бирок жакшы котормочулар жоктугун кошумчалады.
7. «Шанхай сити» мейманканасынын менеджери Карабаев Азиз – Практикага келген студенттер ото уялчаак экендигин жана оратордук искусство боюнча да кошумча саат болуш керектигин айтты. Бир гана тилди эмес, заманга жараша кандай башкалар менен мамиле курууну, кантип оз ойун билдирууну да уйроттуу ото зарыл деп баса белгиледи.

***3-маселе. Угулду:*** Кун тартибиндеги учунчу маселе боюнча «Кытай тили» циклынын мугалими Аманова Айгерим окуу материалдар жана кошумча сабактар жонундо презентация

Scanned with CamScanner

аркылуу баяндады, Эр аралык мамилелер факультетинин деканы Ибраимова С.С. эжекенин суроосуна 2020 жылдан баштап квота болунгонун, азыркы учурда 1 семестрге эле эмес, 4 жылга бакалаврга Кытайга бекер тапшыруу учун мумкунчулук тузулгонун, окууга тапшыруу учун кандай талаптар бар жана канча студент окууга жонотулду. HSK кытай тили боюнча сынагын колледждин студенттери кандай тапшырып атат, кантип даярданышат ошол боюнча да кенен тааныштырды.

***Созго чыкты:***

1. Эр аралык мамилелер факультетинин деканы С.С.Ибраимова: Тил уйронуудо аудио жана видео материалдар ото керектигин, студенттер учун кандай окуу материалдар колдонулат, лингофон канаалары барбы жокпу, жок болсо качан ачылат деп кызыгып отту.

2. ОшМУнун практикалар боюнча жооптуу Т.А.Матикеев: Тегерек столдо кемчиликтер коп айтылгандыгын, алар боюнча жыйын уюштурулуп кийинки окуу жылына циклдын мугалимдери алдын ала даяргерлик корушун талап койду. Студенттердин ар тараптуу болуусун, технологиялар аркылуу билим берууну жана студенттер оздоруно да суроо коюп, кандай билим керектигин, эмнеге умтулуусу керек жана келечекте озун кандай корот деп суроо беруусу зарыл экендигин айтты. Анткени эртенки кесипкой адис – бул ОШМУнун келечеги, демек бул жумушка орноштурууда жана университеттин рейтингин жогорулатууда да ото чон роль ойноорун айтып созун жыйынтыктады.

**Коомдук дисциплиналар болумунун «Котормо иши (кытай тили)» адистигинин Негизги кесиптик билим беруу программасын талкулоонун натыйжасында айтылган сунуш, пикирлерди эске алып**

**ЧЕЧИМ кылат:**

**«Котормо иши (кытай тили)» адистигинин**

1. Орто кесиптик “Котормо иши (кытай тили)” адистигинин Негизги кесиптик билим беруу программасына өзгөртүүлөр киргизилсин:
2. Студенттердин негизги чет тилинде (кытай тили) оозеке сүйлөө практикасын калыптандыруу үчүн тандоо курстары - “Сүйлөө тили практикасы” жана башка сабактар киргизилсин.
3. Студенттерди жумуш рыногунун жана иш берүүчүлөрдүн талабына ылайык адистерди даярдоо учун: заманбап окуу-материалдары жана техникалары менен камсыз кылынсын;
4. Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу бөлүм башчысы Ж.А.Таштанова жана ПЦКнын төрайымы Г.А.Жакыпова жүктөлсүн.
5. Чечимди аткаруу бөлүм башчысы Ж.А.Таштановага жүктөлсүн.

**Торайым:** **Ж.А.Таштанова**

**Катчы:** **Аманбек кызы Нурпейил**

Scanned with CamScanner